УДК 811.111(07)

Жумагулова Ф.М.

*ИГУ им. К.Тыныстанова*

# ЧЕТ ТИЛИ МУГАЛИМИНИН МЕТОДИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИ

*Бул макалада чет тили мугалиминин методикалык чеберчилиги жана аны түзүүчү жөндөмдүүлүктөр каралат.*

Адам баласы эмне иш менен алек болбосун, эгер ал өз ишинин чебери болсо, ал дайыма сыйга татыктуу. Методикалык чеберчилиги жок, тажрыйбалуу эмес мугалим – коллективдин эле эмес, коомдун дагы кайгысы. Ошондуктан «Методикалык чеберчилик – ар бир мугалим үчүн» деген ураан келечектеги мугалимдерди даярдоочу педагогикалык окуу жайларда абдан актуалдуу.

Бирок методикалык чеберчиликтин канчалык деңгээлде маанилүү экендигин тушүнүү үчүн адатка айланган 3 көз караш бар.

Биринчиден, чет тилин жакшы өздөштүргөн мугалим окутуунун сапатын жогорулатат деген ой. Бирок бул жетишсиз, себеби мугалимдин ишин баалоодо чечүүчү фактор болуп чет тилин билүү деңгээли саналат.

Экинчиден, окутууну илим эмес, искусствонун бир түрү катары кароо. Бирок биз бул искусствого окута албайбыз.

Үчүнчүдөн, кээ бир мугалимдер «методика» деген сөздү укканда, өзүлөрүн элестетишет.

Жогоруда айтылгандар методикалык чеберчилик жөнүндө сөз актуалдуу экендигин тастыктайт.

Акыркы 20 жылда окутуунун максаты чет тилин кандай окутуу эмес, чет тилинде пикир алышууну кандай окутуу керек экендиги катарында каралып келет. Бул коюлган максат методикалык чеберчилиги мурдагыга караганда башкача болгон мугалимди талап кылат. Ошол себептен чет тили мугалиминин методикалык чеберчилигин жана ал азыркы мезгилге ылайык канча компоненттен турарын аныктап алышыбыз керек.

Методикалык чеберчиликке аныктама берүүдөн мурда анын генезисин карап өтөлү. Бул үчүн төмөндөгү схемага көңүл бурабыз (тиркеме №1). Методика деген бөлүгүнө кеңирирээк токтололу. «Окутуунун жана тарбиянын негизги максаты адам баласынын маданиятын жаш муундарга берилүүсүндө турат» (Лернер И.Я Дидактическая система методов обучения. - М., 1976). Бул ойго таянсак, анда билим берүүнүн мазмуну маданият деп айтсак болот. Анда методикалык билим берүүнүн максаты – методикалык маданият, б.а., адам баласынын кайсы бир сферада чогултулган иш-аракетинин бир бөлүгү (м., чет тилин окутууда).

Схемада методикалык маданияттын биринчи элементи болуп билим эсептелет. Окуу процессинин бардык компоненттеринин: максатынын, каражатынын, жыйынтыгынын, ыкмасынын жана мугалимдин өзүнүн билими. Профессионалдык иш-аракетинин ыкмаларын өздөштүрүү керек, б.а., иштөө тажрыйбасы (бул экинчи элемент). Мурдагы билген ыкмаларды репродукциялоо.

Үчүнчү элемент бул - чыгармачылык, б.а., мурдагы иш-тажрыйбасын чыгармачылык менен улантуу.

Тажрыйбалуу мугалим билет, жасай алат, бирок аткаргысы келбейт – бул абдан аянычтуу. Бул мугалимдин профессионалдык ишмердүүлүгүнө эмоционалдык мамилесинин жок болушу. Бул – 4-элемент.

Методикалык маданияттын элементтерин өздөштүрүү менен келечектеги мугалим өзүнүн кесибине ылайык деңгээлдерге көтөрүлөт. Методикалык билимдерди билүү менен,

мугалим билимдүү деңгээлине жете алат. Кесиптик ишмердүүлүктөрдү ишке ашыруу менен, мугалим өнөрчүлүк деңгээлине көтөрүлөт. Өнөрчүлүк өзүнө методикалык билгичтиктердин системасын камтыйт. Бул жерден мугалим билим деңгээлин колдонбой эле өз ишине устат боло алат. Бирок бул эч качан чеберчилик деп эсептелинбейт.

Чеберчилик деңгээлине өтүү үчүн мугалим, сөзсүз түрдө, чыгармачылык менен иштөөсү керек. Методикалык билгичтиктердин системасы мугалимдин тажрыйбасын өздөштүрүүсүнүн жана жаңы шарттарда колдонуусунун негизинде жатат. Ошентип, методикалык чеберчилик – бул өздөштүрүлгөн методикалык маданият элементтеринин мугалим тарабынан ар түрдүү колдонуусунун жана белгилүү максат менен белгилүү шартта окутуу иш-аракеттерин ишке ашыруусунун негизинде пайда болгон психикалык жаңылануу.

Бул схемадан дагы бир кылдаттык деңгээлин көрө алабыз. Л.Н.Толстойдун А.С.Пушкинди айтуусун колдонуп, кылдаттык менен сабак өтүү – билгизбей сабакты чеберчилик менен өтүү деп айтсак болот. Бул педагогикалык окуу жайларда окутуунун максаты боло албайт. Сабакты чеберчилик менен өткөн жөндөмдүү адам аз кездешет. Жөндөмдүүлүктү андан ары өнүктүрүүгө болот. Бирок жөндөмдүүлүкө үйрөтө албайбыз. Методикалык чеберчиликти түзүүчү 7 жөндөмдүүлүктү карап өтөбүз. Бул макалада ар бир жөндөмдүүлүк бир аздан гана каралды.

1. ***Перцептивдүү жөндөмдүүлүк:***

- Окучуунун ички дүйнөсүн түшүнүү.
- Ар бирөөнө жана бардыгына көңүл буруу.
- Окуучунун класс ичиндеги ордун билүү.
- Окуу процессинде ар бир этапка көңүл буруу.
- Окуучунун оң жана терс сапаттарын баалай билүү.
- Окуучуга кандай жардам керек экендигин билүү.

Бул жөндөмдүүлүктөр мугалимдин педагогикалык көзөмөлдөөсүнүн негизин түзөт.

2. ***Долбоорлоо жөндөмдүүлүгү:***

- Ар түрдүү сабактарды пландаштырууну билүү.
- Пландоонун жыйынтыгын алдын ала билүү.
- Сабакка керектүү материалдарды чогултуу.
- Окуу кырдаалын анализдөө жана чечүүнүн туура жолун таба билүү.
- Окуу материалдарын туура бөлүштүрө билүү.
- Күтүлбөгөн окуу кырдаалын импровизациялоо (алдын ала ойлонулбаган нерсени уюштура коюу).

Жогоруда саналган жөндөмдүүлүктөрдүн негизинде 2 учурга көңүл буралы:

***1.*** Сезим ыргактарынын өнүгүүсү, б.а., сабактын жүрүшүн сезүү.

***2.*** Импровизациялоо жөндөмдүүлүгүнүн өнүгүүсү. Биз бул жөндөмдүүлүксүз методикалык чеберчиликти элестете албайбыз. Сабактын жүрүшүндө импровизациялоого кээ бир учурлар кездешет. М: күтүлбөгөн кырдаал, окуучунун жообу ж.б. Ошондуктан импровизациялоону атайы жана кандайдыр бир багытта өнүктүрүү керек.

3. ***Ыңгайлаштыруу жөндөмдүүлүгү:***

- Туура ыкманы тандай билүү.
- Ыкмаларды ар бир окуучуга жекече колдоно билүү.
- Класска жана алардын сабакка даярдыгына жараша кебин ыңгайлаштыруу.
- Шартка ылайык методикалык суроолорду чече билүү.
- Сүйлөп жаткан окуучунун кебин бузбай текшере билүү.

Жогоруда саналган 5 билгичтикти изилдөө көлөмү жагынан абдан чоң. Ошондуктан эң негизги жөндөмдүүлүк ар бир окуучуга жекече мамиле кылуу жөндөмдүүлүгүн карап

өтөлү. Окутуунун коммуникативдүүлүгү окуучулардын ар түрдүүлүгүн (жөндөмдүүлүгүн, билим деңгээлин) талап кылбастан, ошондой эле индивиддик, субъектилик сапаттарын да талап кылат. Эң негизги өздүк касиеттер: өздүк тажрыйба, дүйнөгө болгон көз караш, кызыкчылык, эмоционалдык сфера жана коллективде инсандын статусу.

4. ***Коммуникативдик жөндөмдүүлүк:***

- Кептик пикир алышууну даярдоо.
- Сүйлөөгө даяр болуу.
- Сабактын мазмунуна жараша өзүн даярдоо.
- Сабактын мазмунуна жараша окуучуларды даярдоо.
- Кептин, мимиканын, пантомиманын жардамы менен өзүнүн оюн билдирүү.
- Так жана туура сүйлөө.

Жогоруда саналган жөндөмдүүлүктөрдүн баары мугалимге эң керектүү. Ошондуктан Ильин Е.Н төмөндөгүдөй жазган: «Балдар мектепке окууга гана барбастан, пикир алышуунун негизинде билим алганга барышат». Мисалы, химия же физика сабактарынан окуучу Ньютондун же Омдун закондорун айтып берет, ал эми чет тили сабактары суроо-жооп же пикир алышуунун негизинде окутулат.

Келечектеги мугалимди сабакка даяр болууга үйрөтүү керек, б.а., мугалим баарына жана ар бирине жекече мамиле кылыш керек, өзүн-өзү алып жүрүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болуш керек. Ошондой эле кебинин экспрессивдүү болуу жөндөмдүүлүгүнө токтоло кетели. Чет тили мугалимине интонацияны, мимика, жест, пантомиманы билүү методикалык чоң мааниге ээ. Мисалы: интонацияны, басымды туура эмес жерге коюп айтсак, сүйлөмдүн, сөздүн мааниси толугу менен өзгөрөт, тыбыштарды туура эмес айтканда сөздүн мааниси өзгөрөт ж.б.у.с. Ошондуктан ар бирин өз алдынча окушу керек.

5. ***Уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү***:

- Жупташтырып иштете билүү.
- Топтордо иш алып бара билүү.
- Бир окуучу жооп берип жатканда, калгандарын уюштура билүү.
- Ар бир окуучунун деңгээлине жараша тапшырмаларды бөлүштүрө билүү.
- Класста жекече иштөөнү уюштуруу.
- Үйдө жекече иштөөнү уюштуруу.
- Окуучулардын арасынан жардамчыларды таба билүү.
- Талап кыла билүү.
- Класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштура билүү.

6. ***Маалымат арттыруучулук жөндөмдүүлүк:***

- Кесиптештердин иш-аракетине анализ бере билүү.
- Өзүнүн ишине анализ жасай алуу.
- Чет тилин окутуунун проблемалары тууралуу доклад жаза билүү.
- Методикадан жаңы нерсе билүү жана практикада колдоно билүү.
- Илимий иштерди алып бара билүү.

Ар бир адис үзгүлтүксүз окуп турушу керек. Эгер изденбесе, ал өзүнүн чыгармачылыгын 5-7 жылдын ичинде гана өнүктүрө алат.

***7. Жардамчы жөндөмдүүлүктөр.*** Бул жөндөмдүүлүктөргө сүрөт тарта билүү, музыкалык инструменттерде ойной билүү, ырдоо,бийлөө, бир нерсени жасай билүү ж.б кирет. Сөзсүз, мугалим бул жөндөмдүүлүктөрдүн баарына ээ боло албайт, бирок жок дегенде бир жардамчы жөндөмдүүлүккө ээ болушу керек.

Жогоруда саналган 7 жөндөмдүүлүк мугалимдин методикалык чеберчилигинин негизин түзөт.

Бирок мугалимге тиешелүү дагы сапаттар бар: балдарга болгон сүйүү, кесипке кызыгуу, бийиктикке чыгуу (самосовершенствование), интеллигенттүүлүк жана оптимизм. Пессимизм болсо окуучуларга бат берилет. Тилекке каршы, пессимизм жана өзүнө ишенбөөчүлүк азыр мектеп арасында кеңири таралган. Чыгармачыл мугалим окуучунун жакшы ийгиликке жетүүсүнө шарт түзүп берүүсү керек. Бирок пессимист, өзүнө ишенбеген мугалим андай кыла албайт. Ошондуктан оптимизм – психикалык өзгөчөлүк, мугалим ошол өзгөчөлүктү ар дайым өзүндө алып жүрүүсү керек.

Адабияттар**:**

1. Азаров Ю.П. Тайны педагогического мастерства: учебное пособие. – М., 2004.
2. Андриади И.П.Основы педагогического мастерства: учебное пособие для студентов средних педагогических учебных заведений. – М.: Академия, 1999.
3. Кан-Калик В.А., Никандров И.Д. Педагогическое творчество. – М., 1990.
4. Основы педагогического мастерства. / Под ред. Зязюна И.И. – М.: Просвещение, 1989.

2. Педагогика: учебное пособие для студентов педагогических учебных заведений. / Под ред. В.А. Сластенина. – М.,1998.

Тиркеме № 1.

